**УДК 37.013**

# БАЛДАРДЫН ИДЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ АЯЛДАРДЫН РОЛУ
# РОЛЬ ЖЕНЩИНЫ В ФОРМИРОВАНИИ ДЕТСКОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ
# THE ROLE OF WOMEN IN THE FORMATION OF CHILDREN'S IDENTITY

ОшМПУ, улук окутуучу Көлбаева Замира Исабаевна

**Аннотация:** Бул макалада балдардын иденттүүлүгүн тарбиялоодогу аялдардын ролу, жана коомдогу орду, белгилүү кыргыз аялдары жана алардын эрдиктери белгиленди.Аял заты-бул кут төгүлгөн үй, дүйнөнүн тиреги. Баардык түйшүктү өз мойнуна алган инсандын улуу тарбиялоочусу.Коомдун,баланын деги эле жакшы жакка да жаман жакка оошуна да коомдогу аялдардын ролу таасирин тийгизбей койбойт. Кыргыз элинде кыз бала төрөлгөнүнөн баштап эле тарбиясына өзгөчө маани беришкен. Билимдүү,ахлактуу коомдун болуусуна жакшы тарбия көргөн кыздын салымы чоң болгон. Мыкты мырзанын артында мыкты аял турат демекчи ал аялы,кызы,апасы, карындашы же эжеси ,чоң энеси же тай энеси болушу да мүмкүн. Белгилүү аялдын мырзанын жашоосунда негизги ролду ойношу тууралуу айтсак жаңылышпайбыз."Эне сыйлаган элге жагат,ата сыйлаган абийир табат" биздин ар бирибиздин бейишибиз энебиздин бутунун астында. Аял-бул дүйнөнүн түркүгү, улуттун энеси,жашообуздун маңызы. Өзгөчө кыргыз элинде аялдын орду өтө чоң болуп, аял затын баалай билүү менен бирге алардын тарбиясына, ыйманына, жүрүм-турумуна чоң маани беришкен. “Улуттун болочогу-аялда, энеде”,-деп улуу ойчул Жусуп Баласагын айткандай, улуттубуздун улут болуп калыптануусунда аялдардын орду чоң экендиги талашсыз чындык.

**Ачкыч сөздөр:** Аял,коом ,бала тарбиялоо, эмгек

**Аннотация:** В статье рассказывается о роли женщин в воспитании личности детей, их месте в обществе, известных кыргызских женщинах и их подвигах. Женщина — это дом, где изливаются благословения, столп мира. Великий воспитатель человека, который берет на себя все тяготы. Роль женщины в обществе не может не влиять на развитие общества и детей, как в лучшую, так и в худшую сторону. Кыргызский народ придавал особое значение воспитанию девочек с момента их рождения. Образованная девушка внесла большой вклад в создание образованного и нравственного общества. За каждым великим мужчиной стоит великая женщина, будь то жена, дочь, мать, сестра, бабушка или мачеха. Мы не ошибемся, если скажем, какую важную роль играет женщина в жизни мужчины. «Людям нравится мать, которая уважает их, и отец, который уважает свою совесть». Рай каждого из нас находится под ногами нашей матери. Женщины — опора мира, мать нации и суть нашей жизни. Особенно среди кыргызов место женщины было очень важным, и помимо признания женщин, они придавали большое значение их воспитанию, вере и поведению. «Будущее нации – в женщинах и матерях», – как сказал великий мыслитель Жусуп Баласагын, и неоспоримым фактом является то, что женщины играют важную роль в формировании нашей нации.

**Ключевые слова: Женщина, общество, воспитание детей, труд.**

**Annotation:** The article discusses the role of women in raising children, their place in society, famous Kyrgyz women, and their feats. A woman is a home where blessings are poured out, the pillar of peace. She is a great educator of humanity who bears all hardships. The role of women in society undeniably impacts the development of society and children, both positively and negatively. The Kyrgyz people have always placed special importance on raising girls from the moment of their birth. An educated girl made a significant contribution to the creation of an enlightened and moral society. Behind every great man stands a great woman, whether it be a wife, daughter, mother, sister, grandmother, or stepmother. We are not mistaken when we say how important a woman’s role is in a man’s life. "People love the mother who respects them, and the father who respects his conscience." The paradise of each of us lies under the feet of our mother. They are a source of education, humanity, faith, compassion, etc. Especially among the Kyrgyz, the role of women was very important, and besides recognizing women, they paid great attention to their upbringing, faith, and behavior. "The

future of the nation is in women and mothers," as the great thinker Jusup Balasaghun said, and it is an indisputable fact that women play an important role in shaping our nation.

**Keywords:** Woman, society, raising children, work.

Үй-бүлө - баланын жалпы жарандык идентүүлүгүнө, анын өз улутуна, динине, элине жана өлкөсүнө таандык сезимине таасир эткен социалдаштыруунун алгачкы социалдык институт экенин маалым. Ата-эне, бир туугандар, алыскы-жакынкы туугандар, үй-бүлөлүк эрежелер, салттар элдин маданиятына, тарыхына, тилине болгон сый мамилени өнүктүрүүгө, ошондой эле башка улуттук топтордун өкүлдөрүнө толеранттуулук менен мамиле кылууга үйрөтөт. Балдардын алгачкы социалдык көндүмдөрү, айлана чөйрөсүнө болгон жоопкерчилиги, турмуштук позициясы үй-бүлөлүк тарбиядан башталат. Ата-энелердин коомдук иштердеги активдүүлүгү баланын социалдашуу прцессинин жеңил өтөшүн, туруктуу моралдык принциптердин калыптанышын камсыздайт. Үй-бүлө инсандын социалдаштыруу прцессинде негизги ролду ойноп, адеп-ахлактык жана патриоттук тарбиясын калыптандырып, коомдо жаран катары калыптануусуна таасир берет. “Атасы жамандын бири жаман, апасы жамандын баары жаман” деп да, бекеринен айтылбаса керек .Коомдоо ,баланын деги эле жакшы жакка да жаман жакка да оошуна коомдогу аялдардын ролу таасирин тийгизбей койбойт. Кыргыз элинде кыз бала төрөлгөнүнөн баштап эле анын тарбиясына өзгөчө маани беришкен.Билимдүү,ахлактуу коомдун болуусуна жакшы тарбия көргөн кыздын салымы чоң болгон.Мыкты мырзанын артында мыкты аял турат демекчи ал аялы,кызы,апасы, карындашы же эжеси ,чоң энеси же тай энеси болушу да мүмкүн. Белгилүү аялдын мырзанын жашоосунда негизги ролду ойношу тууралуу айтсак жаңылышпайбыз."Эне сыйлаган элге жагат,ата сыйлаган абийир табат" биздин ар бирибиздин бейишибиз энебиздин бутунун астында. “Аял-бул дүйнөнүн түркүгү, улуттун энеси, жашообуздун маңызы. Адамдагы эң жакшы сапаттарды батырган ыйык зат.Анда тарбия башаты, гумандуулук, ыйман, мээрим ж.б.у.с касиеттер жатат. Өзгөчө кыргыз элинде аялдын орду өтө чоң болуп, аял затын баалай билүү менен бирге алардын тарбиясына, ыйманына, жүрүм-турумуна чоң маани беришкен.”Жакшы кыз жакадагы кундуз “, “Жакшы уул көктөгү жылдыз”,”Кыздуу үйдө кыл жатпайт”,”Кызга кырк үйдөн тыюу “. ”Кыз адеби кымбат “,”Эжесин көрүп сиңдиси өсөт”,”Энесин көрүп кызын ал ,эшигин көрүп төрүнө өт””[12] деген макалдар аялдын орду жогору экенинин далили. Балдарды тарбиялоодогу аялдардын ролу өтө маанилүү жана зор. Аялдар балдардын биринчи мугалими жана алардын эмоционалдык, акыл-эс өнүгүүсүндөгү негизги фигура болуп саналат. Аялдардын тарбиялоодо аткарар ролу төмөнкү аспектилерден көрүнөт: Аялдар балдарына сүйүү, камкордук жана көзөмөл көрсөтүп, алардын эмоционалдык абалын жайгаштырат. Бул сүйүү балдардын өзүн-өзү баалоо сезимин, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн жогорулатат. Аялдар балдардын тарбиясында тартип, адеп-ахлак жана коомдук ишмердүүлүк боюнча маанилүү сабактарды берип, алардын туура мамиле түзүү жөндөмүн өнүктүрүшөт. Алар балдардын биринчи өмүр сабактарын үйрөтүп, туура иш-аракеттерди өнүктүрүүдө чоң роль ойношот. Анткени алар балдардын билим алуу жолундагы биринчи дем берүүчүлөр. Алар балдарына китеп окуп берүү, суроолоруна жооп берүү, кызыкчылыктарын колдоо жана сабырдуу болуу менен акыл-эс өнүгүүсүн камсыз кылышат.Аялдар өздөрүнүн жашоо аракеттери, этикалык баалуулуктары, ишке мамилеси жана коомдогу ролу менен балдарга моделдик үлгү болушат. Алардын иш-аракеттери балдарга өздөрүнүн келечек мамилелерин жана коомдук жоопкерчиликтерин кантип ишке ашыруу керектигин үйрөтөт. Эркек менен аялдардын тең укуктуулугу, гендердик теңчилдик демократиянын пайдубалы деп кайра-кайра ырастаганыбыз менен Кыргызстанда эркиндик илгертен эле боло келип, аялдардын коомдогу орду төмөн деп айтууга таптакыр болбойт. Белгилүү изилдөөчү жана саясий ишмер Н.А.Северцов белгилегендей, кыргыз аялдары жөнөкөй үй кожойкеси гана болбостон, үйдөн тышкаркы жерде өз алдынчалыктын деңгээли жогору болуп, коомдук турмушка да катышып келишкен[2.1].

Кыргыз тарыхында даанышмандыгы, алтургай баатырдыгы менен атагы чыккан, элдин тынчтыгы, бакубат жашоосу үчүн жанын аябаган айымдар аз эмес. Алардын ичинен эң

көрүнүктүүсү Курманжан Датка энебиз. Ал Борбордук Азиянын жана Россиянын тарыхында өлкөнүн жана анын кегиондун өнүгүшүнө көрүнүктүү из калтырган “Алай ханышасы” катары белгилүү. Ал кезде Худаяр хан Алай элине салык салууга аракет кылган, бирок Курманжан датка буга каршы туруу менен, хандан жазуу жүзүндөгү жеңилдиктерди алган. Ал өзүнүн аракеттеринин аркасында Кокон хандыгы менен байланышын чындап гана тим болбостон, Алайлыктарды баш ийүүчүлүктөн бошоткон[3.3]. Бул Курманжан Датканын элинин жыргалчылыгы үчүн жасаган асыл иштеринин чекеси гана. Өзүнүн акылмандыгы менен эң кыйын катаал мезгилдерде туура жолду жана башаламандыкты чече турган сөздөрдү таба алган. Дал ушул сапаттары аны Алымбек даткага аял эле эмес, эң жакын кеңешчи кылган. «Алай ханышасы» деп Курманжан элди билгичтик менен башкарып, чын ыкластуу урмат-сыйына ээ болгон. Өзүнүн өзгөчө асыл сапаттары менен аял затынын ичинен «датка» наамын алган жалгыз аял болуп калды. Курманжан Датка деген ысым Кыргызстандын чегинен алыстарга – Орто Азиядан Кытайга чейин белгилүү болгон. «Датка» титулунун өзү Хива жана Бухара хандыктарында жогорку мансап даражасы катары эсептелген. Бул наамдын ээлери ханга элдин өтүнүч, арыз-даттанууларын айтып, жооп алышкан. Перс тилинен "dadhok" сөзү "адилеттикти сүйүүчү" же жөн эле "адилеттик" деп которулат. Кокон хандыгында “датка” таасирдүү феодалдарга берилген аскердик-административдик наам болгон. Иерархияда ал «аталык», «кусбеги» жана «парваначы» наамдарынан кийин турган жана статусу боюнча полковник наамына барабар болгон[4.5]. Акылман, чечен Курманжан датка тажрыйбалуу архитектор сыяктуу бүт өмүрүн элине кызмат кылууга арнаган. Ал түгүл туулган жеринин тынчтыгы, карапайым элдин бейпилдиги үчүн өз уулун курмандыкка чалып, кыргыз аялынын идеалынын жандуу образына айланган. Кыргыздын тарыхында мындай чыгаан инсандар – Кыз Сайкал, Жаңыл Мырза, Акыл Карачач, Каныкей Эне, Наалы эже ж.б. Алардын арасында өзгөчө орунду Адыгине менен Тагай урууларынын атактуу бийлеринин карындашы Наалы эже ээлейт. Ал жаштайынан ата-энесинен ажырап, үй-бүлөнүн улуусу катары ини-карындаштарын тарбиялоо милдетин өзүнө алды. Аскер кийимин кийген Наалы кайра-кайра элди душмандын чабуулунан коргоп турду. Анын аракеттери кыргыздардын Адыгине жана Тагай урууларынын биригишине, өз алдынча мамлекет түзүүгө умтулуусуна чоң рол ойногон[5.4].

Кыргызстандын маданият тарыхында өчпөс из калтырган чыгаан, кайталангыс талант Бүбүсара Бейшеналиеваны айтпай коюуга болбойт. Анын ысымы көптөгөн муундар үчүн сулуулуктун жана таланттын символу болуп калды. Кыргыз маданияты эл аралык аренада жаңыдан тааныла баштаганда бүтүндөй өлкөгө жана анын чегинен тышкары жаркыраган биринчи улуттук жылдыз болуп Бүбүсара болду. Анын бийи жөн эле кыймыл эмес – бул жанга, тереңдикке жана улуттук рухка толгон өнөр эле. Анын укмуштуудай сахналык харизмасы бар эле. Анын аркасында көрүүчүлөр ар бир спектаклин ээрчип, демин ичине кармап турушчу. Ал классикалык балет мектеби менен салттуу бийдеги элементтерди айкалыштыруу менен көрүүчүлөргө кыргыз бийинин сулуулугун жана көркүн жеткире алды. Ал белгилүү спектаклдерде башкы ролдорду ойноп, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, сынчылардын баасын алган. Келечекте мыкты бийчилер чыгышы мүмкүн, бирок анын кайталангыс харизмасы, оригиналдуулугу жана маданий мурасы анын образынын кайталангыс экендигин дагы да далилдейт. Ал жөн эле талант эмес, кыргыз искусствосунун кайра жаралуусунун символу, өткөн менен келечектин, улуттук тамыр менен дүйнөгө таанылуунун ортосундагы көпүрө болуп калды. Анын чыгармачылыгы жаштарды шыктандырып, искусствого берилгендиктин жана элинин маданиятына кызмат кылуунун үлгүсү катары аты тарыхта калды[6.8].

Зууракан Кайназарова республиканын айыл чарбасынын өнүгүшүнүн тарыхында из калтырган Кыргызстандын чыгаан айымдарынын бири. Колхоздук курулуштун активдүү катышуучусу катары айыл чарба тармагынын өнүгүшүнө зор салым кошкон. Зууракан эже эмгек жолун карапайым колхозчу болуп баштап, өжөрлүгү, жоопкерчиликтүүлүгү, лидерлик сапаты менен тез эле кант кызылчасын өстүрүүчүлөргө жетекчи болду. Анын жетекчилиги астында мамлекетке оор жылдарда абдан зарыл болгон мол тушум берип, жогорку

натыйжаларга жетишти. Ар бир сындырым нан, ар бир тонна кызылча алтын менен бааланган согуш жана согуштан кийинки мезгилде анын жан аябас эмгеги баа жеткис болду. Ал ар кандай аба ырайында күнү-түнү талыкпай эмгектенип, эмгек фронтунда чыныгы эрдикти көрсөттү. Анын салымы мамлекет тарабынан жогору бааланып, айыл чарбасындагы жетишкен ийгиликтери учун Зууракан Кайназаровага Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам ыйгарылган. Анын ысымы эмгектик эрдиктин, кайраттуулуктун жана туулуп-өскөн жерге болгон жан аябас сүйүүнүн символу болуп калды[6.11].

Байыртадан бери эле аялдар улуттардын, уруулардын тагдырында чоң роль ойноп - бирде эки дүйнөнү бириктирген күчкө айланып, бирде, тескерисинче, чыр-чатактын, кастыктын себепчиси болуп келген. Көбүнчө маданияттар ортосунда тирүү көпүрө болуп, тынчтыкты жана кызматташтыкты бекемдеген аялдар болгон. Энесай доорунда кыргыз элинен эр жүрөк жоокерлер гана эмес, Мунайбас, Айнуру сыяктуу чыгаан, акылман айымдар да чыккан. Алардын атак-даңкы жана сулуулугу өз жеринен да алыска тарап, чыгыш жана батыш хандары менен падышалары кыргыз кыздарына үйлөнүүгө умтулуп, алардын уругуна тууган болууга умтулушкан. Бирок трагедиялуу барактары да болгон – баскынчылар басып алуу учурунда кыргыз сулууларын тартып алып, токол, кул кылып алышкан. Бирок кыргыз аялдары кадыр-барктын жана күчтүн символу бойдон кала берген. Энесай чөлкөмүн эки кылым башкарган түрк кагандары кыргыз кыздарын аялдыкка алып, алтургай башка державаларга, анын ичинде Византияга да сый-урматтын, дипломатиянын белгиси катары тартуулашканы маалым. Согуш мезгилинде кыргыз урууларынын арасында достукту, бир туугандыкты чыңдоо үчүн өзгөчө үрп-адаттар болгон. Жаш жоокерлер түбөлүк берилгендикке ок тиштеп, бузулбас анттын белгиси катары түкүрүп, жанаша согушуп, кудалашып ант беришкен – бул ырым «бел куда» деп аталып калган. [6.2].

Аялдар балдарына коомдо кандайча өз ордун табуу, башкалар менен туура байланыш түзүү жана коомдук жоопкерчиликти өзүнө алуу боюнча маанилүү сабактарды беришет. Алар балдарын социалдык чөйрөгө ылайыкташтырууда жана аларга өзгөрүүлөргө туруштук берүүгө жардам беришет.Аялдар, көбүнчө, өз иштеринде жана жашоосунда таалим берип, балдарына акыл-эс, адеп-ахлактык жана моральдык баалуулуктарды үйрөтүшөт. Алар өз аракеттери жана чечимдери аркылуу балдарына туура жолду көрсөтүшөт.Аялдардын тарбиялоодогу ролу гана үй-бүлөнүн ички тынчтыгы жана гармониясынын эмес, балдардын келечектеги өнүгүүсүнө да чоң таасирин тийгизет. Аялдар коомдогу ар бир адамдын жана баланын жүрүм-турумуна жана жашоо сапатына түздөн-түз таасир этет. Биз кыргыздын бардык чыгаан кыздары жана аялдары менен сыймыктанып келгенбиз жана дагы да сыймыктанабыз, алардын ар бири коомдун, маданияттын, үй-бүлөнүн жана өлкөнүн өнүгүшүнө баа жеткис салым кошушууда. Алардын аракети, мейли улуу иш болсун, мейли күндөлүк эмгеги болсун терең урматтоого татыктуу. Бекеринен “Аял – бактылуу үйдүн тиреги, рухий жылуулуктун жана ынтымактын булагы” деп айтышпайт. Ал күнүмдүк турмуштун түйшүгү, кыйынчылыктары ийиндеринде турган биринчи насаатчы, улуу педагог. Аял үй-бүлөдө гана эмес, бүтүндөй бир элдин тагдырында негизги ролду ойноп, акылмандыгы, чыдамкайлыгы жана камкордугу келечек муундарды адеп-ахлактык жана руханий жактан тарбиялоонун негизи болуп калат. Залкар ойчул Жусуп Баласагын: «Улуттун келечеги аялда, энеде» деп туура белгилегендигине ынанбай койбойсуң. Ал эми бул сөз түбөлүктүү чындык бойдон кала берет: улутубуздун пайдубалын, анын күч-кубатын, адептүүлүгүн, жаркын келечекке умтулуусун аялдар түзөт. Ошондуктан баланын турмушунда иденттүүлүктү калыптандырууда “эң алгачкы педагог” катары аял тургандыктан анын мааниси чоң экендигин тарых даңазалап келген.

**Колдонулган адабияттар:**

1.С.М.Абрамзон “Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер” Бишкек-1999.
2.Б.Солтоноев”Кызыл кыргыз тарыхы ” Бишкек-2017.
3.Кыргызстан журналисттер союзу “Курманжан датка"Ош 1991.
4.Кыргызстандын тарыхы 2-том Бишкек-2017.

5.К. Бектурганова “Кыргыз аялдары мифтерде жана уламыштарда”Бишкек-2014.
6.К.Бектурганова “Кыргызстандын асыл кыздары “Бишкек-2016.
7.К.Молдокасымов “Курманжандын көз жашы “Бишкек-1991.
8.Ө.Ж.Осмонов “Кыргызстандын тарыхы” Бишкек-2017.
9.Ө.Саалаев “Кыргыз элинин тарыхый инсандары” Бишкек-2018.
10. https://doi.org/10.56122/.v2i2.234
11. https://doi.org/10.56122/.v2i2.256
12. Көлбаева, З. И. Кыргыз элиндеги аял затынын орду / З. И. Көлбаева, А. Жолдошева // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 1, No. 3. – P. 235-240. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_235. – EDN BXNUJT.